DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2020

*Болотбеков К.Б.*

# КОНСТИТУЦИЯЛЫК МУРАСТОО УКУГУНУН КЕПИЛДИКТЕРИ

*Болотбеков К.Б.*

# ГАРАНТИИ КОНСТИТУЦИОННОГО ПРАВА НАСЛЕДОВАНИЯ

*K.B. Bolotbekov*

# GUARANTEES OF THE CONSTITUTIONAL LAW OF INHERITANCE

*УДК: 342.72:347.65/68*

*Макала конституциялык мурастоо укугунун кепилдиктерине арналган. Автор тарабынан макалада мурастоо укуктук мамилелериндеги конституциялык кепилдиктердин кээ бир аспектилери каралып, мурастоо укугун коргоо формалыры ачылат. Өлкөнүн баш мыйзамында камтылган кепилдиктер ачыкка чыгарылып, алардын мурастык мамилелерди мыйзамдык жөнгө салуудагы ордду көрсөтүлөт. Мурастоо чөйрөсүндөгү мамилелерди кээ бир чет өлкөлөрдөгү жөнгө салуулар эске алынып, бул тармакта топтолгон тажрыйба кыскача каралган. Жогорудагылардан сырткары мурастоо чөйрөсүндө келип чыккан чыр чатактарды соттук жана башка ыкмалар менен жөнгө салуулар изилденип, макалада кээ бир кошумча жөнгө салуу ыкмаларына көңүл бурулуп, алардын өзгөчөлүктөрү жана кемчиликтери сын пикир катарында көрсөтүлгөн. Бул чөйрөдө изилденген жана ар кандай илимий эмгектерде көрсөтүлгөн окумуштуулардын тыянактары, корутундулары кошумча изилдөөгө алынды.*

***Негизги сөздөр:*** *Конституциялык укук, укук, эркиндик, мурастоо, кепилдик, коргоо, керээз.*

*Статья посвящена к гарантиям конституционного права наследования. В статье автором рассматривается некоторые аспекты конституционной гарантии наследственных правоотношений, раскрыты формы защиты права наследования. Раскрыты гарантии в сфере наследственного права которые содержится в основном законе страны, указывается место вышеназванных норм в законодательном регулировании наследственных правоотношений. Содержательно были учтены опыт регулирование некоторых зарубежных стран отношений в сфере наследование. Кроме выше изложенного исследованы споры возникающие в данной сфере и их судебное регулирование также другие способы решения споров, учтены особенности и недостатки дополнительных способов регулирование споров. Рассмотрены основные исследовании содержащиеся в литературах некоторых ученых в данной сфере. Приводится и дополнительно изучены мнении, заключении указанные в различных научных трудах.*

***Ключевые слова:*** *Конституционное право, право, свобода, наследование, гарантия, защита, завещание.*

*The article is devoted to the guarantees of the constitutional right of inheritance. In the article the author examines some aspects of the constitutional provision of hereditary legal relations, reveals the forms of protection of the right of inheritance. The guarantees in the field of inheritance law, which are contained in the basic law of the country, are disclosed, the place of the above norms in the legislative regulation of inheritance relations is indicated. The experience of regulating relations of some foreign countries in the field of inheritance was taken into account. In addition to the above, the disputes arising in this area and their judicial regulation are investigated, as well as other ways of resolving disputes, the features and disadvantages of additional methods of dispute regulation are taken into account. Considered the main research contained in the literatures of some scientists in this area. The opinions and conclusions indicated in various scientific works are given and additionally studied.*

***Key words:*** *constitutional law, rights, freedom, inheritance, guarantee, protection, bequest.*

Кандайдыр бир деңгээлде жарандарыбыздын укуктарына жана эркиндиктерине таасирин тийгизүүчү укук тарабынан калыптанган кепилдиктерди түзүүнүн ишке ашырылышы менен аймагыбызда жарандык коомду жана укуктук мамлекетти калыптандыруу түздөн-түз байланыштуу.

Конституциялык укук тармагында мурастоого жана жалпы эле инсандын укуктарына, эркиндиктерине жана кызыкчылыктарына аябагандай зор орун берилип, жетиштүү өлчөмдө көңүл бурулгандыгы баарыбызга маалым [1].

Инсандын укуктары, эркиндиктери жана мыйзамга ылайык кызыкчылыктары деп ар бирибиздин укуктарыбызды жана эркиндиктерибизди ишке ашырып аларды ар тараптуу сактоону камсыз кылган шарттарды жана каражаттарды айтабыз [2].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Жалпы көз караште көбүнчө окумуштуулар инсандын укуктарынын кепилдиктерин жалпы (социалдык, экономикалык, саясий, маданий) жана атайын (юридикалык) кепилдиктер деп экиге бөлүп карашат, бул менен биргеликте кепилдиктин баардык түрлөрү конституциялык мурастоо укугуна карата колдонууга мүмкүн болуп саналат.

Конституциялык укук теориясында укуктун жана эркиндиктин кепилдиги болуп тоталитардык эмес, күчтүү мамлекет эсептелет деп адилеттүү көрсөтүлгөн.

Идеалогиялык (диний) мүнөздөгү конституциялык кепилдиктер – бул «коомдун маданияты, анын мүчөлөрүнүн билимдүүлүгү, коомдун моралдык психологиялык климаты».

Ошентип, мурастоо укугунун жалпы кепилдиктери – бул мурастоо чөйрөсүндөгү жеке адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин реалдуулугун аныктаган социалдык экономикалык, саясий жана башка шарттардын жыйындысы.

Ал эми башка окумуштуулар кепилдик берүү кыймыл аракети субъекттин укуктук абалын тиешелүү колдоо укук коргоо ишмердүүлүгү менен билдирет. Конституциялык укуктук статусту укуктук камсыз кылуу ыкмаларынын арасында статусту бузууга жол бербөө катары түшүндүрүлгөн сактоо жана субъекттин ченемдик бекитилген укуктук абалынын тигил же бул элементтерин калыбына келтирүү менен аны байланыштыра коргоо дагы белгиленет [4].

Комплекстүү көз караште болуу менен айтылуу укуктарды коргоонун жана аларды сактоону ар тарапка ажыратпастан комплекстүү караган кээ бир окумуштуулардын позициялары бир канча туура экендигинде күмөн жок. Сактоо жана коргоо кепилдиктери бул баарыбызга белгилүү болгон чаралардын тутуму деп айтсак туура, тактап белгилесек бузулган укуктарды, мыйзамдык кызыкчылыктарды калыбына келтирүү, укук бузууларды эскертүү, укуктук талаш тартыштарды жокко чыгаруу, укуктун кол тийбестигин камсыз кылууга жана анын бузулушун жокко чыгаруу [5].

Мурастоо боюнча иштин кайсыл сотко таандык экенин аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын сот тутумунун өзгөчөлүгүн эске алуу зарыл.

Сот тутумунун өзгөчөлүгү Конституциялык палата мыйзам тарабынан каралган гана котегориядагы иштерди кароого багытталып, алардын атайын соттордун катарында экенинде болууда. Жергиликтүү соттор так аныкталган ыйгарым укукка ээ эмес жана атайындаштырылган соттордун ыйгарым укуктарына кирбеген гана иштерди карашат.

Жогоруда белгиленген иштер райондор аралык сотторго караштуу болбогондуктан жана мындан сырткары Жогорку сотко караштуу конституциялык палата жалпы мурастоо чөйрөсүндөгү адам укуктарын конституциялык кепилдендирүү боюнча иш алып баргандыктан кийинки жыйынтыктарды белгилөө зарыл: мурастоо укугун түздөн түз коргоону райондук соттор жүзөгө ашырат (шаардагы райондук соттор, шаардык соттор).

Мындан сырткары «Нотариат» жөнүндө мыйзамдын 29-беренесине ылайык мурастоо укугун коргоону белгилүү бир өлчөмдө нотариалдык органдар жүзөгө ашырууну улантып келишүүдө. Нотариустун жогорудагы милдеттери төмөндөгү аракеттерди аткаруунун негизинде ишке ашат: мурастоо укугуна күбөлүк берүү, мурастык мүлккө карата коргоо чараларын жүргүзүү жана ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгүнөн чектелген жактардын кол коюусун (факсимиле) күбөлөндүрүү [6].

Ошентип, азыркы учурдагы күчүнө ээ мыйзам эки процедуралык процессуалдык: соттук жана соттон сырткары ишке ашырылуучу нотариалдык мурастоо укугун коргоочу форманы камтыйт.

Нотариаттын мурастоо укугунун конституциялык кепилдиктерин жүзөгө ашырууда орду чоң экенин эске алып нотариалдык мыйзамдарды тутумдаштыруунун деңгээли ойлонуу керек. Бул үчүн нотариалдык кыймыл аракеттерди толук түрдө регламенттөө талап кылынат, тактап айтсак нотариус тарабынан мурастык укуктарды сактоонун жана коргоонун процессуалдык механизмин мыйзам тарабынан толук жөнгө салуу аркылуу. Бирден бир өбөлгө түзүүчү кадамдардын бири болуп В.В. Скитович жана С.В. Мальцева белгилеп кеткендей жалпы бөлүгү мамлекеттик жана жеке нотариустардын уюштурулушун, алардын ыйгарым укуктарын, ишмердүүлүк принциптерин, нотариустун статусун, анын жоопкерчилигин жана башкаларды жөнгө салган, ал эми өзгөчө бөлүгү өзүнчө котегориядагы нотариалдык кыймыл аракеттерди ишке ашыруу эрежелерин жөнгө салган ченемдерден турган Нотариалдык кодексти кабыл алуу эсептелет [7].

Конституциялык укук илиминде адилеттүү белгиленгендей инсандын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сот адилеттүүгү максималдуу коргоону камсыз кылат. Бирок тараптарга өзүлөрүнүн укуктарын жана башкаларды коргоо үчүн сотко баардык керектүү материалдарды берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган сот ишмердүүлүгүнүн так аныкталган процессуалдык тартипке ээ экендиги эң чоң мааниде [8].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Райондук соттордо мурастоо укугун коргоо доолук жана өзгөчө өндүрүштүк тартипте ишке ашырылат.

Алардын арасынан туура деп В.Н. Аргуновтун талкуулоосун айтсак болот. Бул талкулоо боюнча укук жөнүндө талаш тартыш деген бул аларды жөнгө салуу максатында мамлекеттик бийлик органдарынын аралашуусун талап кылган, материалдык укуктук мамилелердин аныкталган бир абалы [9], анткени кээ бир жагдайларда доогердин укугун эч бир инсан бузбай эле жана эч кандай талаш тартышсыз бирок ыйгарым укуктуу органдын бекитүүсүсүз ишке ашырылбаган учурлар кезигет. Кээ бир котегориядагы мурастык иштерди кароодо сот талапты доо өндүрүшү тартибинде кароого милдеттүү, мисалы, мурасты кабыл алуу үчүн иш боюнча арызданууучу жалгыз мураскор болгон учурда, ал эми жоопкер (мамлекеттик орган) тарабынан эч кандай карама-каршылык болбогон учурда мөөнөттү узартуу жөнүндө иштерди кароо.

Ошентип, эгерде өзгөчө өндүрүш тартибинде кароого атайын көрсөтмө жок болсо, тараптардын ортосунда конфликт жок болгон учурда да мурастоо иштери доолук тартипте каралат.

Бул ыкмалар айрым мамлекеттерде кеңири колдонулуп келет. Ал ыкмаларга таянсак тараптар талаш-тартыштарды эгерде алар мыйзамга карама-каршылык жаратпаса тынчтык келишимин түзүү жолу менен жөнгө сала алышат.

Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодекси бул ченемдерге шайкеш ченемдерди камтыбайт, бирок бул менен бирге сотторго таандык жарандык укуктук мамилелердин чөйрөсүндөгү талаш тартыштарды алтернативдик ыкмаларды колдонуу менен чечүү заманбап юридикалык илим менен дагы, жана эл аралык практика менен дагы айкындалууда.

Келишпестиктерди жана талаш-тартыштарды соттук кароодон сырткары алтернативдик чечүү бул мурастык укуктарды жана кызыкчылыктарды элдешүү жолу менен, же башка дагы тараптардын өз ыктыяры менен эркин түрдө мыйзамга карама-каршы келбеген ыкма менен чечүүгө багытталган кыймыл аракеттердин тутуму [10].

Укук колдонуу практикасында мындай иштерди чечүүнүн соттук эмес ар түрдүү ыкмалары кездешет, бирок алардын баардыгын жергиликтүү соттордо каралуучу анын ичинде мурастык укуктарды коргоодогу иштерге карата колдонула бербейт.

Конфликттерди чечүү ыкмаларынын катарында медиацияны белгилесек болот.

Этикалык себептерден улам мурастык талаш-тартыштар боюнча мураскорлор көп учурда соттук кароону демилгелөөдөн баш тартышат. Мындай жагдайда медиациянын орду аябагандай зор, анткени мурастоодогу ар бир мураскордун үлүшүн так жана эффективдүү аныктоого шарт түзүлөт. Соттук өндүрүштөн айрымаланып медиацияда конфликттик жагдайлардын өсүү коркунучу жана аны менен бирге чыгымдар да азайтылат. Медиациянын соттук өндүрүштөн айрымасы келип чыккан көйгөлөрдү чечүүнүн жолун издөөдө жеке мүнөздөгү конкреттүү жагдайларды колдонууну элестетет. Медиацияда мүлктүү сактоого ага кам көрүүгө сарпталган чыгымдардын ордуларын толтуруу тууралуу жагдайлар колдонулууга тийиш.

Медиацияда милдеттүү түрдө ортомчунун катышуусу зарыл, ал эми кээ бир учурларда иштин бир бөлүгү соттун карамагында болуп калуусу мүмкүн, бул жагдайда ортомчунун катышуусунун кажети жок ал эми медиация ансыз мүмкүн эмес. Ошондуктан бул жагдай медиациянын бирден-бир кемчилиги деп белгилесек болот.

Бирок, мурастоо укугун коргоо үчүн медиациядан сырткары элдешүү, эксперттик аныктама, көз карандысыз чечүү сыяктуу башка дагы ыкмалар колдонулат.

Өзгөчө кызыкчылыкты АКШнын көп штаттарында колдонулуучу алтернативдик ыкма жаратат. Бул программага ылайык АКШнын көп штаттарынын сотторуна караштуу атайын борборлор ачылган. Алардын тапшырмалары болуп сотко келип түшкөн иштерди алдын ала карап изилдөөдөн өткөрүп, тараптарга ыңгайлуу чечилүүчү жагдайларды сунуштоо эсептелет. Мындай борборлордун адистери сотко келип түшкөн талаш тартыш иштерин изилдеп чыгып, тараптарга кеңеш берүүлөрдү жүзөгө ашырып, керектүүматериалдарды изилдеген соң тараптарга тигил же бул ыкманы колдонуу тууралу сунуш беришет. Ошентип тараптарга соттук өндүрүштөн сырткары дагы башка ыңгайлуу жагдайлар жаралат.

Жогорудагылардын негизинде Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө күчүнө ээ конституциялык мурастоо укугунун кепилдиктерин анализдөөнүн негизинде төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

1. Мурастоо укугунун кепилдиктери бул Конституция менен кепилдендирилген мураскор менен мурас берүүчүнүн ыйгарым укуктарын реалдуу колдонууну камсыз кылууга багытталган шарттар жана каражаттар. Мурастоо укугунун кепилдиктери өзүнүн ыйгарым укугунун чегинде бийликтин баардак бутактарынын органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



2. Мурастык укукту конституциялык кепилдендирүүнүн төмөнкү деңгээлдерин белгилесек болот: укук орнотуу жана укук колдонуу. Алгачкы деңгээлде мурастоо укугун коргоого жол берген негизги жоболор камтылат. Укук колдонуу деңгээлинде мыйзамда көрсөтүлгөн мурастоо укугунун кепилдиктерин түздөн түз практикада ишке ашыруу жүргүзүлөт.

3. Конституциялык мурастоо укугунун баардык кепилдиктерин эки түргө бөлүүгө мүмкүн:

а) жалпы(жалпы социалдык)

б) атайын (юридикалык)

4. Мурастоо укугунун атайын (юридикалык) кепилдиктери анын негизинде жаткан мурастоо укугун укук ченемдүү колдонууну түздөн түз камсыз кылып, аларды сактоого жана коргоого багытталган. Юридикалык кепилдиктер өзүнө укук бузуга жол бербөөчү, укуктун бузулушун эскертүүнү, жалпы режимди орнотууну, бузулган мурастык укуктарды калыбына келтирүүнү, жогоруда көрсөтүлгөн чараларды процессуалдык-процедуралык ишке ашыруу формаларын камтыйт.

5. Мурастоо укугун ишке ашыруунун формалары – бул мурастоо укугун сактоого жана коргоого багытталган укук коргоо процессинин чегинде жүзөгө ашырылуучу коргоонун мыйзамда орнотулган тартиби. Бул формалар соттук жана соттук эмес болуп бөлүнөт.

6. Конституциялык мурастоо укугунун маанилүү кепилдиги бул өлкөбүздөгү сот органдарынын мурастоо чөйрөсүндөгү аларды коргоого багытталган иш аракеттери. Мурастоо укугун жарандык сот өндүрүшүнүн негизинде коргоо конкреттүү субъективдик укукту коргоого багытталган. Сот мурастык ишти үстүртөн кароодо жана чечүүдө бир тараптын бузулган укугун калыбына келтирет жана ал укуктун негизсиз бузулуусунан же болбосо экинчи тараптын укукка чек коюусунан коргойт. Конституциялык соттук өндүрүш тартибинде мурастоо жөнүндө укук ченемдеринин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү текшерилет.

**Адабияттар:**


1. Крусс В.И. Теория конституционного правопользования [Текст]: Учебник / В.И. Крусс. - М.: Норма, 2007. - С. 352.
2. Витрук Н.В. Общая теория правового положения личности [Текст]: Учебник / Н.В. Витрук. - М.: Норма, 2008. - С. 305.
3. Богданова Н.А. Система науки конституционного права [Текст]: Учебник / Н.А. Богданова. - М., 2001. - С. 71.
4. Арапов Н.Т. Проблемы теории и практики правосудия по гражданским делам [Текст]: Учебник / Н.Т. Арапов. - М., 1984. - С.61-63.
5. Закон Кыргызской Республики «О нотариате» [Электронный ресурс]: от 30 мая 1998 года №70 (в редакции Закона КР от 8 июня 2017 года №100) // Централизованный банк данных правовой информации Кыргызской Республики. - Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/78 – Загл. с экрана.
6. Скитович В.В., Мальцева С.В. Нотариат и суд: грани взаимоотношений [Текст]: Журнал российского права / В.В. Скитович. - М., 2004. №7. - С. 104.
7. Витрук Н.В. Общая теория правового положения личности [Текст]: Учебник / Н.В. Витрук. - М.: Норма, 2008. - С. 326.
8. Аргунов В.Н. Особенности рассмотрения и разрешения наследственных дел // Особенности рассмотрения отдельных категорий гражданских дел [Текст]: Изд-во Московского ун-та, В.Н. Аргунов. - М., 1995. - С. 95.
9. Суворов Д.А. Использование примирительных процедур для разрешения гражданских дел на примере стран континентальной Европы [Текст]: Журнал Юридический мир. Д.А. Суворов. - 2006. - №2. - С. 15.